КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ

# Биз ар башкабыз – бирок бирдейбиз

(1-11-класстар үчүн класстык сааттар)

Бишкек - 2022

Кыргыз билим берүү академиясынын Окумуштуулар кеңешинин
чечими менен басмага сунушталган
№ 7 токтом, 2022-жыл 11-ноябрь

Рецензент Шатманова М.А.

**Аземова Айгуль Аскербековна, Супатаева Эльвира Акиновна**.

**Биз ар башкабыз – бирок бирдейбиз** (1-11-класстар үчүн класстык саатар) / А.А. Аземова, Э. А. Супатаева. - Бишкек: КББА, 2022. - 40 б.

Инклюзивдик билим берүү жумалыгынын алкагында класстык сааттарды уюштуруу жана өткөрүү боюнча колдонмо.

Инклюзивдик билим берүү маселелери менен алектенген жалпы билим берүү уюмдарынын жетекчилерине, адистерине жана класс жетекчилерине сунушталат.

Жыйнактын электрондук варианты КББАнын сайтынын www.kao.kg "Инклюзивдик билим берүү" бөлүмүнө жүктөлгөн.

## МАЗМУНУ

**Киришүү** ........................................................................................4

1. Класстык саат (1-2-класс) “Биз ар башкабыз – бирок бирдейбиз”.........................................................................6
2. Класстык саат (3-4-класс) “Биз бирдейбиз”.................................9
3. Класстык саат (5-6-класс) “Мен деле силердеймин, бирок жалгызмын”.......................................................................13
4. Класстык саат (7-8-класс) “Инклюзия – бардыгына бирдей мамиле”...........................................................................22
5. Класстык саат (9-11-класс) "Азыркы дүйнөдөгү жакшылык жана кайрымдуулук" ........................................................................33

Тиркеме 1. Анкета..........................................................................38

Тиркеме 2. Сунушталган мультфильмдер, кинотасмалар...................41

Пайдаланылган адабияттар ........................................ .......................42

## КИРИШҮҮ

Акыркы жылдары мамлекеттин жана коомдук уюмдардын аракетинин аркасында билим берүү уюмдарында майыптыгы жана ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү (мындан ары ДМЧ) балдарды социалдык турмушка активдүү киргизүү процесси жүргүзүлүүдө. Бул маселени ишке ашыруу, ДМЧ балдар өздөрү, окуучулар жана алардын ата-энелери менен өз ара мамилелер шартында гана натыйжа берет.

Ден соолугу боюнча чектөөсү жок балдар менен иштөөдө ДМЧ балдарга карата оң мамилени калыптандыруу, аларды мындай адамдардын өзгөчөлүктөрү жана алар менен баарлашуу жана өз ара аракеттенүү ыкмалары менен тааныштыруу маанилүү.

Көп учурда класстык сааттарга даярдануу учурунда класс жетекчилердин алдында: балдарга ДМЧ балдар тууралуу кантип туура айтып, түшүнүк берүү керек деген суроолор туулушу мүмкүн. Эмне үчүн кээ бир балдар чуркай же сүйлөй албай тургандыгын балага кантип түшүндүрсө болот? Өзгөчө муктаждыктары бар адамдар үчүн эмне маанилүү экендигин кантип билүүгө болот? Алардын сезимдерин жана дүйнөнү кандай көрүп жаткандыгын кантип билүүгө болот?

Класстык сааттарда кыска анимациялык тасмаларды окуучулар жана алардын ата-энелери менен чогуу көрүүнү сунуштайбыз. Бул ДМЧ балдардын маселеси жөнүндө сүйлөшүү үчүн кыска окуяны көрсөтүп, алардын түшүнүктөрүн кеңейтүүнүн жолдорунун бири. Бул тасманы ата-энелер, балдар, адистер жана ошондой эле ДМЧ жөнүндө эч нерсени билбегендердин баары көрүшү абзел. Сунушталган мультфильмдерде айрым балдар эмне үчүн "башкача" экендиги, өзүнүн "өзүнө" терең сиңген (аутизм синдрому) адам менен кандай мамиле кылуу керектиги жана дүйнө ушундай адамдардын көзү менен кандай көрүнүшү жөнүндө гана жакшы окуялар баяндалган. (2-тиркеме)

Бул методикалык сунуштар жалпы билим берүү уюмдарынын педагогдору үчүн арналган.

### Класс жетекчиге сунуштама

Класстык саатты өткөрүү учурунда жетекчи өзүнө ашыкча көңүл буруууга жол бербеши керек. Мындай мамиле демилгени жана өспүрүмдөрдүн өз оюн айтууга болгон каалоосун басат.

Класстык саатта топто ыңгайлуу, достук микроклиматты түзө билүү өтө маанилүү, антпесе окуучулар ыңгайсыз, кысылып, чечкинсиз болушат. Башкалар укпай, туура эмес түшүнүп, кабыл албай калуудан коркуп, өз оюн айтуудан тартынышат.

Мугалим окуучуларга баарлашуунун айрым эрежелерин чогуу иштеп чыгуу сунушу да жакшы жыйынтыктарды берет. Эрежелерди чогуу түзүү процессинде өспүрүмдөрдүн толлеранттуулугу, активдүүлүгү, сабырдуулугу жана инклюзивдик маданияты калыптанат.

Эреженин үлгүсү:

1) бири-бирибизди сыйлайбыз;

2) башкалардын пикирине көңүл бурабыз;

3) бири-бирибизге колдоо көрсөтүп турабыз;

4) эгер бирөө сүйлөсө, эч ким анын оюн бүтүрмөйүнчө сөзүн бөлбөйбүз;

5) эгер кимдир бирөө сүйлөгүсү келсе, колун көтөрүшү керек;

6) эрежени бузгандарга тапшырма берилет (Мисалы: ырдап бер, бийле, жаңылмач айттыруу ж. б.);

## Методикалык сунуштардын максаттары жана милдеттери

| | |
|---|---|
| **Максаты** | - ДМЧ балдар жөнүндө туура түшүнүк калыптандыруу;<br>- ДМЧ балдар башкалар сыяктуу эле адам экендигин жана бирдей укуктарга ээ экендигин көрсөтүү;<br>- ДМЧ балдарга карата толеранттуу мамиле түзүүгө көмөктөшүү;<br>- Инклюзивдик билим берүүнүн маңызын, анын гумандуу, адеп-ахлактык маңызын түшүнүүнү калыптандыруу;<br>- "инклюзия", "майыптык" түшүнүктөрүн ачуу;<br>- ДМЧ балдардын кыйынчылыктары жана мүмкүнчү-лүктөрү жөнүндө сүйлөшүү;<br>- инклюзивдик маданиятын калыптандыруу. |
| **Милдеттери** | - окуучуларды Инклюзивдик билим берүү Концепциясы жана КР Конституциясынын 27- жана 46-беренелери менен тааныштыруу;<br>- "Бардыгы үчүн" деген билим берүүнүн зарылдыгы жөнүндө түшүнүк түзүү;<br>- окуучуларга билим алуу мүмкүнчүлүгү мыйзам чыгаруучулардын гана эмес, бүтүндөй коомдун милдети экендигин түшүнүүгө жардам берүү;<br>- окуучулардын психикалык, физикалык жана интеллектуалдык мүмкүнчүлүктөрүнө карабастан адамдарга болгон сый-урмат сезимин өрчүтүү;<br>- ДМЧ балдардын көйгөйлөрүнө окуучулардын көңүлүн буруу;<br>- окуучулардын адеп-ахлактык сапаттарын өнүктүрүү;<br>- сүйлөшүү жөндөмүн өнүктүрүү;<br>- айланасындагы адамдарга ырайымдуулук сезимин өрчүтүү;<br>- ДМЧ балдардын айрым көйгөйлөрү менен тааныштыруу. |
| **Жабдуулар** | проектор, анкеталар, презентация, кагаз, карточка ж.б.. |

# Класстык саат  (1-2-класс)

## *"Биз ар башкабыз – бирок бирдейбиз"*

| | |
|---|---|
|  | |
| **Жабдылышы** | Сүрөттөр, проектор, слайд, мульфильм. |
| **Класс жетекчи** | - Балдар, класстык сааттын темасын жана эмблемасын карап, бүгүн кимдер жөнүндө сүйлөшөрүбүздү божомолдогула. |
| **Окуучулар** | *Окуучулардын  жооптору.* |
| **Класс жетекчи** | -Туура, майыптыгы бар же ДМЧ адамдар жөнүндө болмокчу.<br>*Окуучулар үчүн ДМЧ адамдар жөнүндө жаш кезинен эле туура түшүнүк калыптанышы керек. Аларда ДМЧ адамдан коркуу же аёо сезим калыптанбашы үчүн маанилүү.* |
| **Мультфильм көрүү**<br><br> | **“Дима жөнүндө” мультфильми.**<br>https://www.youtube.com/watch?v=Nx4iFNfjqN0<br>"Дима жөнүндө" анимациялык сериясында Мира деген кыз менен анын досторуна окшобогон өзгөчө баланын жолугушуусу баяндалат. Дима, кыймыл аракети жана сүйлөө речи бузулган ДМЧ бала, бирок Миранын дүйнөгө болгон кызыгуусу жана апасынын туура кеңештери чыныгы достуктун башталышына түрткү берет. Достукка ар түрдүү диагноздор жана өзгөчө балдар менен достошуу оюнга тоскоол эмес экенин Мира түшүнөт. Анимациялык сериал ДМЧ бала жөнүндө негизги суроолорду камтыйт жана достук, боорукердик жана түшүнүү темасын көтөрөт. |
| **Талкуу** | Балдар, биз силер менен "Дима жөнүндө" мультфильмин көрдүк, Мира апасына кандай суроолорду берди?  Апасы ага эмне деп жооп берди? Миранын курбуларынын айткандары туурабы? Миранын Димага болгон мамилеси өзгөрдүбү? |
| **Окуучулар** | *Окуучулардын  жооптору.* |

| | |
|---|---|
| **Класс жетекчи** | Айткылачы, бардык балдар силерге окшоп мектепте окуй алышабы? Партада 40 мүнөт отуруп, оор портфелдерди көтөрүп, тепкичтерден секирип, дене тарбия сабактарына катыша алабы? |
| **Окуучулар** | *Окуучулардын жооптору.* |
| **Класс жетекчи** | Ооба, майыптыгы менен төрөлгөн балдар же кырсыктардан же оорулардан улам майып болуп калган балдар бар. Мисалы: *тубаса, жол кырсыгына учураган, кулап жаракат алган, кимдир бирөө машыгуу учурунда ден соолугунан зыянга учурагандар бар.*<br>Сыртынан караганда, алар сен экөөбүздөн анчалык деле айырмаланбайт. Бирок күнүмдүк жашоодо алардын ден соолугуна байланыштуу ар түрдүү тоскоолдуктар өтө көп. Атай кетсек, бул тепкичтер, транспорт, түз эмес жолдор, эшиктер, магазиндер ж.б. |
| **Класс жетекчи** | Бүгүн ден соолук жөнүндө сүйлөшөбүз. Ден соолук - бул кыймыл. Келгиле, биз дагы бир аз ойноп көрөлү. Кичинекей эксперимент жасайбыз. |
| **Жабдылышы** | Бор, жоолук, кышкы кол кап, 20 сом, тыйындар. |
| **Оюндун шарты** | 1-окуучу - бут кийимдин боосун колун чөнтөгүнөн чыгарбай чечкенге аракет кылат.<br>2 окуучу – көзү байлануу абалында, доскага күндүн, үйдүн сүрөтүн тартышы керек.<br>3-окуучу – кол кап кийип алып, костюмун топчулоого аракет кылат.<br>4-окуучу – көзү байлануу абалында акчанын номиналын айтуу керек.<br>5-окуучу – сол колу менен доскага балдардын атын жазып чыгат.<br>6-окуучу – кышкы кол кап кийип, жерден тыйындарды алууга аракет кылат.<br>7-окуучу – үн чыгарбастан “Бул кайсы көчө?” деген сыяктуу суроону жаңсоо менен түшүндүрүүгө аракет кылат. |
| **Талкуу** | -  Эмнени сездиң? Эмне жөнүндө ойлондуң?<br>- бул оюнда тапшырманы аткаруу оңой болдубу?<br>- оюн учурунда тапшырманы тезирээк аткаруу үчүн кандай каалоо пайда болду?<br>- кандай деп ойлойсуңар, биздин шаарда сүйлөй албаган, көрө албаган, уга албаган же баса албаган адамдар барбы? |

| | |
|---|---|
| | - ДМЧ адамдар жумушка кабыл алынышабы? Адис боло алышабы?<br>- ДМЧ балдарга кандай мамиле кылуу керек?<br>- ДМЧ балдар менен байланышып, дос болуп, чогуу ойногонуңар барбы?<br>- ким тапшырманы такыр аткара албады? Эмне үчүн? |
| **Класс жетекчи** | Көрүүсү, угуусу, кыймыл-аракети начар адамдар биздин жашообузда ушундай кыйынчылыктарды сезишет. Албетте ДМЧ адамдар да мүмкүнчүлүгүнө жараша окуй жана иштей алышат. Кандай деп ойлойсуң, көзү азиз, угуусу начар, коляскада отурган адамдар спорт менен машыга алабы? |
| **Окуучулар** | *Окуучулардын жооптору.* |
| **Класс жетекчи** | Бардык балдар ар түрдүү. Бардык балдар билим алууга укуктуу. Ар кандай жөндөмдөрү бар, физикалык жактан ар кандай өрчүгөн балдар бар. (*жай окуйт, бирок сүрөттү мыкты тартат, чуркай албайт, бирок сууда мыкты сүзөт, көзү начар көрөт, бирок мыкты ырдайт*) |
| **Класс жетекчи** | Балдар, бүгүн биз ДМЧ адамдар жөнүндө сүйлөштүк. Ар кандай тапшырмаларды аткарып жатып, кээде ДМЧ адамдар үчүн жашоо кандай кыйын экендигин сездиңер болуш керек. ДМЧ балдар үчүн биздин дүйнөдө жашоо өзгөчө кыйын. Кандай кыйынчылыктар жана тоскоолдуктар жөнүндө айтып бере аласыңар? (*Шаардагы тоскоолдуктардын: тар эшиктер, туура эмес орнотулган пандустар, оңтойсуз тратуарлар, дарыканалардын эшиктери, транспорттун ыңгайсыздыгы ж.б. сүрөттөрүнүн слайды көрсөтүлөт*). |
| **Окуучулар** | *Окуучулардын жообу.* |
| **Жыйынтык:** | ДМЧ балдар биздей сыяктуу эле адамдар, кээ бир жагдайларга байланыштуу алардын тигил же бул мүмкүнчүлүктөрү чектелүү. Бирок алар биз менен бирге окуп, ойноп, ар кандай иш-чараларга, конкурстарга катыша алышат.<br>(*ДМЧ спортсмендердин, музыканттардын, бийчилердин сүрөттөрүнүн слайды көрсөтүлөт*).<br>Баарыбыз бириирибизге дайыма жардам берели, сабырдуу бололу.<br><br>**Биз ар башкабыз, бирок бирдейбиз!** |

## Класстык саат (3-4-класс)

### *"Биз бирдейбиз!"*



| | |
|---|---|
| **Жабдылышы** | Сүрөттөрдүн слайды, инклюзивдик маданият: туура жана туура эмес терминдердин таблицасы, баракчалар, мультфильм. |
| **Мотивация** | Балдар, класстык сааттын темасын жана эмблемасын карап, бүгүн кимдер жөнүндө сөз болорун божомолдогула. |
| **Окуучулар** | *Окуучулардын жооптору* |
| **Класс жетекчи** | -Туура, ДМЧ адамдар жана инклюзия жөнүндө<br>*Окуучулар үчүн ДМЧ адамдар жана инклюзия жөнүндө жаш кезинен эле туура түшүнүк калыптанышы керек. Аларда ДМЧ адамдан коркуу же аёо сезим калыптанбашы үчүн маанилүү.* |
| **Максат** | - Майыптык же ДМЧ деген эмнени билдирет?<br>- Майыптыктын кандай түрлөрү бар?<br>- Инклюзия деген эмне?<br>- Эмнени билгиңиз келет? |
| **Окуучулар** | *Окуучулардын жооптору.* |

Бүгүн бизден бир аз айырмаланган адамдар жөнүндө сөз болмокчу. Биз баарыбыз курчап турган дүйнөнү толугу менен кабыл алабыз. Силердин көзүңөр кулпунайдын түсүн көрөт, мурдуңар жагымдуу жытты сезе алат, тилиңер таттуу даамды сезет. Силер каалагандай кыймылдай аласыңар: чуркайсыңар, секиресиңер, велосипед тебе аласыңар, сууда сүзөсүңөр, бийлейсиңар ж.б. Бирок бардык эле адамдар ушунчалык бактылуу боло бербейт. Кээ бирлери көзү азиз болуп төрөлсө, башкалары чоңойгондо буттары иштебей калган учурлар бар, айрымдары угуп, сүйлөй алышпайт. Силер, ДМЧ адамдар үчүн көчөдө басуу, транспортко же дүкөндөргө кирүү, коллективге аралашуу канчалык кыйын экенин ойлонуп көрдүңөр беле? Балдар, өзгөчө жылуулукка, камкордукка, боорукердикке муктаж адамдар бар — бул майыптыгы бар адамдар же б.а. ДМЧ

<table>
<tr><td colspan="2">адамдар. Майыптыгы бар адамдар – ден соолугуна байланыштуу өз алдынча кыймылдай албаган, көрө албаган же укпаган, өзүн өзү карай албаган адамдар. Ошондуктан, биз, адамдар бири бирибизге жардам беришибиз керек. ДМЧ адамдарга кантип жардам бере алабыз? (мугалим балдардын айткандарын угат). Бирок арабызда майыптарга күлүп, сөөмөйү менен көрсөтүп, шылдыңдагандар да болушу мүмкүн. Силердин жашооңордо кандай учурлар болгон, айтып бере аласыңарбы?</td></tr>
<tr><td colspan="2">ДМЧ адамдар жөнүндө туура айтуу (слайд):</td></tr>
<tr><td>Туура эмес</td><td>Туура</td></tr>
<tr><td>1. Чолок, колясочник<br>2. Сокур<br>3. Дүлөй<br>4. Келесоо, жинди<br>5. Аутист<br>6. Даун<br>7. Майып, буту жок<br>8. Очкарик</td><td>1. Кыймыл-аракетинин мүмкүнчүлүгү чектелген<br>2. Көрүү мүмкүнчүлүгү чектелген<br>3. Угуу мүмкүнчүлүгү чектелген<br>4. Акыл эсинин өрчүшү чектелген<br>5. Аутизм синдрому<br>6. Даун синдрому<br>7. Майыптыгы бар адам<br>8. Очкичен бала ж.б.</td></tr>
<tr><td colspan="2">Көп жылдар бою ДМЧ балдар орто мектептерге кабыл алынчу эмес . Учурда ДМЧ балдар башка балдар менен бирдей окууга, ойноого, эс алууга ээ болушу керек. Ошентип, Инклюзивдик билим берүү – бул бардык балдар, алардын физикалык, психикалык, интеллектуалдык, тилдик жана башка өзгөчөлүктөрүнө карабастан, жалпы билим берүү мектебинде билим алууга укуктуу.</td></tr>
<tr><td>Класс жетекчи</td><td>Балдар, көчөдөн ДМЧ адамдарды жолуктурганда, силерде кандай сезимдер пайда болот? Колуңардагы баракчага жазып, бүктөп № 1 кутучага салып койгула. Слайдда жардамчы сөздөр берилген: боорум ооруйт, көңүл бурбайм, мага баары бир, корком, жардам бергим келет, карабайм, жаман көрөм, жийиркенем, баарыбыз адамбыз, бизден айырмасы жок, биз окшошпуз, кайдыгермин, капа болом, биз бирдейбиз, кайрымдуу болуш керекпиз, жугуштуу, аяоо сезими, күчтүү, бактысыз, келечеги жок, бир байкуш ж.б.</td></tr>
<tr><td>Окуучулар</td><td>Ар бир окуучу таратылган баракчага өзүнүн ДМЧ адамдарга болгон сезимдеринин бирин гана жазып, баракчаны бүктөп, № 1 кутучага салышат.</td></tr>
</table>

| Мультфильм көрүү  | **“Луи” (Франция 2014) мультфильми.** https://www.youtube.com/watch?v=m9gw0gHN8sg<br><br>Бул мультфильмдин каарманы Луинин кулагы укпайт. Ал ит же мышык эмес, үйүндө үлүлдөрдү багат. Мультфильмде баланын классташтары менен тил табышуусу көрсөтүлөт. |
|---|---|
| **Талкуу** | Балдар, биз силер менен "ЛУИ" мультфильмин көрдүк. Луи башкалардан эмнеси менен айырмаланат экен? Апасы ага эмне үчүн кол чапты? Ал Луиге эмне деди? Луинин классындагы балдардын мамилелери кандай эле? Луи эмне жөнүндө презентация кылды? Балдардын мамилелери өзгөрдүбү? |
| **Окуучулар** | *Окуучулардын жооптору.* |
| **Класс жетекчи** | Кичинекей эксперимент жасайбыз. |
| **Оюндун жабдылышы** | Наушник, карточка, сүрөт, кагаз, гүл формасында кесилген түстүү кагаздан карточка. |
| **Оюндун шарты** | 1-окуучу – карточкада берилген сүрөттү (мисалы, алмурут, аюу, машина ж.б.), үнүн чыгарбастан, жаңсоо менен балдарга жеткириши керек. Балдар эмнени көрсөтүп жатканын табышат.<br>2-окуучу – наушник кийип турат, класста отурган балдар кезек менен бир заттын атын аташат. Окуучу алардын сөздөрүн кайталашы керек.<br>3-окуучу – бардык окуучулар таратылган кагазга жанында отурган классташынын атын жазышат да, бир баштыкка салып аралаштырат. Окуучу бир кагазды сууруп чыгат да, кимдин аты жазылса, ошол классташын туурап берүүсү керек. Калган окуучулар ким экенин табышы керек.<br>4-окуучу – көзү байлануу. Окуучулар кезектешип классташына жакшы сөз айтышат. Окуучу аларды үнүнөн таанып, аттарын аташы керек. |
| **Рефлексия** | Класстык сааттын жыйынтыгында экинчи жолу таратылган баракчаларга өздөрүнүн калыптанган жаңы сезимдерин жазышат да, экинчи баштыкка салышат. |

| | |
|---|---|
| | А) Биринчи баштыкта салынган баракчаларда жазылган сезимдер окулат. *(Биринчи баштыкта күтүлгүчү аёо сөздөрү (байкуш, корком, жаман көрөм, аянычтуу ж.б.) көбүрөөк болушу мүмкүн).*<br>Б) Экинчи баштыкта салынган баракчаларда жазылган сезимдер окулат. *(Экинчи баштыкта позитивдүү сөздөр көбүрөөк болушу күтүлөт).* |
| **Жыйынтык** | Бири-бирибизге боорукер, кунт коюп мамиле кылалы. Баарыбыз ар башкабыз, бирок ар бирибиздин бирдей укуктарыбыз бар! Бардык кыйынчылыктарга карабастан, майыптыгы бар адамдар бизге дени сак адамдарга боорукердик, кайраттуулук, кайрымдуулук жана боорукердик көрсөтүшөт. Дени сак адамдарга караганда аларга жүз эсе оор болсо дагы, олимпиадаларга катышышат, иштешет, активдүү болушат (ийгиликтүү, активдүү, чемпион ДМЧ адамдардын сүрөттөрүнүн слайды көрсөтүлөт).<br>Балдар, мен баарыңыздардын боорукердик, сезимталдык, жылуу мамиле, түшүнүү, урматтоо, сылыктык сыяктуу сапаттарга ээ болушуңарды каалайм. Бул сапаттар майыптыгы бар адамдарга гана эмес, баардык адамдарга карата сабырдуу болууга, достошууга чакырам.<br>Биздин класстык сааттын жыйынтыгында, силер менен “Жакшы сөз” деген оюнун ойноп көрөлү. Силер бири-бириңерге гүл-карточкага, жагымдуу сөз (комплимент) жазып, кошунаңарга тапшырасыңар. Мисалы: "*сулуусуң*" деп гүл-карточкага жазып берсе болот.<br> |

## Класстык саат  (5-6-класс)

## *" Мен деле силердеймин, бирок жалгызмын"*



| | |
|---|---|
| **Мотивация** | Балдар, класстык сааттын ***"Мен деле силердеймин, бирок жалгызмын"*** деген темасын<br>карап, бүгүн эмне жөнүндө сүйлөшөрүбүздү божомолдогула. |
| **Жабдылышы** | Слайд, мультфильм, кинотасма, Аутизм синдрому тууралуу презентация, макала, кинолордун шилтемелери (ссылки), түстүү карточкалар, пластелин. |
| **Класс жетекчи** | -Туура, бүгүнкү класстык саат бөлүнүү, жалгыздык жана ДМЧ балдар жөнүндө болмокчу.<br>*(Окуучулар үчүн ДМЧ адамдар, жалгыздык жөнүндө туура түшүнүк калыптанышы керек).* |
| | Бүгүн жалгыздык жөнүндө сүйлөшөбүз, жалгыздыкка болгон мамилебизди билдирип, муктаж болгондорго колдоо көрсөтүүнү үйрөнөбүз.<br>Учурда жаш балдардын жалгыздыгы маселеси актуалдуу болуп калды. Бул көйгөй беш-алты жаштагы балдардын арасында да кездешет. Бала бакчадагы бала өзүн жалгыз сезиши мүмкүн, анткени аны жамаат кабыл албайт, түшүнбөйт, колдобойт.<br>Психологдордун айтымында, жалгыздык - бул өзгөчө эмоционалдык абал, адамга кыйын болгон тажрыйба, ал аз энергияны (алсыздык), кыйроону сезет.<br>Адам ар дайым баарлашууга муктаж. Башкалар менен байланышты жоготуу, узак убакытка созулган жалгыздык ооруугa, көбүнчө неврозго алып келиши мүмкүн. |

| | |
|---|---|
| | Бардык учурларда эң оор жаза - адамды жалгыз камерага жайгаштыруу болгону бекеринен эмес, сиз бул жөнүндө окуп, уккандырсыз?<br>Адамдар жалгыздыкты жеңүү үчүн эмне кылышкан? |
| **Окуучулар** | *Окуучулардын жооптору.* |
| | Жалгыздыктын айрым себептерине токтоло кетели:<br>1.Үй-бүлөдө жалгыз өскөн бала (эрке, өзүмчүл, эгоист ж.б.)<br>2.Теңтуштарынын кабыл албоосу.<br>3.Достошуу көйгөйү.<br>4.Калыптанбаган коммуникация көндүмдөрү. Эгерде ата-эне баласына жүрүм-турумдун бир гана түрүн үйрөтсө ("сени урса, сен да ур", “сдача бер” же "бир муштаса, сен эки муште"), бала башка моделдерди түшүнбөйт жана кабыл албайт. Башкаларга карата кастык сезими, тийүү, ачуулануу, чыр-чатак күчөшү мүмкүн.<br>5.Өзүн төмөн баалоо. Бала ийгиликсиз инсан катары өнүгөт. Бул ата-эненин баласынын пикирин, оюн сурабастан чечим чыгарышынан келип чыгат. “Колуңан келбейт”, “али жашсын”, “көп сүйлөбө”, “башың иштебейт” ж.б. күнүмдүк сөздөр өспүрүмдүн өзүнө ишенбөөчүлүгүн жаратат. Өзүнө ишенбеген адам байланышка чыкпайт. Мындай көйгөй өзүн-өзү жабуу, же тынчсыздануу, же агрессивдүүлүк катары көрүнүшү мүмкүн.<br>Ушундай жүрүм-турум силердин курбуларыңардын арасында болушу мүмкүнбү? Эмне үчүн мындай болот? Анда биз аларга эмне жардам бере алабыз? |
| **Окуучулар** | *Окуучулардын жооптору.* |
| **Класс жетекчи** | Төмөндө берилген макала балдарга таратылат. Балдардын ичинен каалоочулар макаланы үн чыгарып бардык класска окуп берип, талкуу жаратат. |

**АУТИЗМ ТУУРАЛУУ**

Аутизм – бул бузулуу спектри, мында бала башкача өнүгөт. Аутизм менен жабыркаган балдарда башка адамдар менен мамиле, байланыш кылууда кыйынчылыктар жаралышы мүмкүн. Эгерде, ата-энеси баласынын түнт болуп, мамиле кылуудан качып же кандайдыр бир кыймылды кайталай бергенин байкаса, аутизм менен алектенген психолог же неврологго кайрылуулары керек. Бул адистер гана так диагноз коё алышат.

**Эгерде балада төмөнкү белгилер байкалса дарыгерге кайрылуу керек:**

• бала өзүнчө четтеп, апасын этибарга албаса;
• атынан чакырганда жооп кайтарбаса;
• оюнчуктар менен өз багытында ойноону билбесе;
• башка балдар менен ойнобосо;
• балада туталануу, агрессия пайда болсо;
• бала көзгө тике карабаса;
• бала биринчи сөздү сүйлөп, бирок сүйлөөсү токтоп калса;
• сүйлөбөсө, жаңдоону колдонбосо;
• бутунун учу менен басса;
• катуу үндөрдөн корксо;
• бир эле сөздү кайталай берсе.

*№803 23-март -29-март, 2018-ж.* Чолпон Узакбаева

*Мугалим өзүнүн турмушунда болгон окуяны же башкалардан уккан окуялардан айтып берсе болот. Мисалы,*

*Мен 3 жашар кызымды селкинчекке отургузуп жатканда, бир беш жашар бала чуркап келип кызымды катуу түртүп жиберет. Анын артынан энеси баласына жетпей калган экен, балам ушул гана селкинчекке отурганды жакшы көрөт деп, бизден кечирим сурап калды. Менин кыжырым келип:"Короодо 10 селкинчек бош турат ко! Балаңды туура тарбияла!" – деп, ал энени кактым. Ал: "Менин балам... аутист....", - деп, жер карады. Ошол учурда аутизм синдрому жөнүндө укпаптырмын. Азыр ал бала 17 жашта. Атайын мектепке барып жүрдү. Ата-энеси колунан келген бардык жардамын көрсөтүүдө.*

**АУТИЗМ МЕНЕН ЖАБЫРКАГАНДАР ЭМНЕГЕ ЖАЛГЫЗДЫККА ДУУШАР БОЛУШАТ?**

Кичинекей Арсланды апасы мектептен чыгарып алууга аргасыз болду. Эми алар бул мектепке кайтып барышпайт. Себеби Арсландын классташтарынын ата-энелери «Арслан кетсин, болбосо биздин балдар кетет» деп, директорго талап коюшкан. Директор болсо ата-энелер комитетине каршы чыкпоону чечкен**.**

Баары Арсландын кокусунан класссташ кызын таарынтып алганынан башталды. Кийинки күнү ал кыздын ата-энеси мектепке келип, Арслан атайылап алардын кызын түртүп салды деп ызы-чуу салган. Баланы мектептен чыгарып салуу үчүн бардыгы ушул учурду эле күтүп тургандай, андан ары ырбап кетти.

Арслан өзгөчө бала, ага жеңил даражадагы аутизм деген диагноз коюшкан. АКШ жана Европада мындай диагноз коркунучтуу эмес. Мындай балдарга башкаларга караганда бир аз гана көбүрөөк көңүл бурулат, андан ары өздөрү эле кадимки мектепте, университетте эркин окуп кете алышат.

Кыргызстанда болсо мамлекеттик мектеп Арсландан ошол замат эле баш тартты. Айла жок, аны жеке мектепке берүүгө туура келген. Ал жакта балдар жаңы окуучуга жакшы мамиле кылып жатышкан, бирок Арсландын өзгөчөлүгү тууралуу окуучулардын ата-энелери билип калды.

<table>
<tr><td colspan="2">Ата-энелер ошол замат эле балдарына кайсы классташы менен достошууга болбойт экендигин айтып, балдар Арсландан четтей башташты. Ал тургай андан коркуп да калышты. Мына, Арсландын апасы уулун бул мектептен да алып кетүүгө аргасыз болду.<br>Бардык аракеттер текке кетти: жүрүм-турумдук талдоо методикасы боюнча бир нече жыл өтүлгөн сабактар, аутизм менен жабыркагандар үчүн эксперименталдык класста окуган. Бир жыл Арслан бул сабактарды мыкты окуп, мектеп программасын жакшы өздөштүргөн эле. Бул майыптыгы бар балдарга карата кыргызстандыктардын мамилеси боюнча бир гана окуя, иш жүзүндө мындайлар миңдеп саналат. Башка өлкөлөрдө алар кадимки жарандар сыяктуу чоңоюшмак, а бизде болсо төрөлгөндөн баштап жалгыздыкка дуушар болушат</td></tr>
<tr><td>Талкуу</td><td>1.Биздин класста ушуга окшош учурлар болду беле?<br>2. Арслан тентек, жаман балабы?<br>3. Эмне үчүн Арслан кызды түртүп таарынтты?<br>4. «Арслан кетсин, болбосо биздин балдар кетет», - деп директорго талап коюшкандары туурабы?<br>5 Аутизм синдрому бул оорубу?<br>6. Аутизм синдромун айыктырса болобу? ж.б.</td></tr>
<tr><td>Мультфильм көрүү<br>
</td><td>“Менин иним айдан түшкөн” - «Мой братик с луны” мультфильми.<br>https://www.youtube.com/watch?v=yGI4uAtVNl0&t=42s<br>Бул мультфильмдин автору - француз Фредерик Филибер. Анын уулу аутизм синдрому менен туулган. Мультфильмдин каарманы, аутизм синдрому менен туулган инисинин, жашоону жана аны курчап турган дүйнөнү башкача кабылдоосу жөнүндө айтып берет: "ал мени көрбөгөндөй жана укпагандай, асманды эле карап турат... эгер мен сыйкырчы болсом, мен аны биз менен болуш үчүн сыйкырлайт элем". Баланын эжеси иниси менен баарлашуу үчүн атайын өздөрүнчө тил ойлоп табат.</td></tr>
<tr><td>Класс жетекчи</td><td>Балдар, бүгүн биз иштин топтук формасын колдонобуз (түстүү карточкалар берилет). Ар бир топ тигил же бул түс менен белгиленет, сиз өзүңүзгө жаккан түстү тандап, топтон орун алсаңыз болот. Бүгүнкү темабыз азыркы өспүрүм балдар үчүн абдан актуалдуу жана маанилүү. Тасманы көргөндөн кийин, аны талкуулага өтөбүз.</td></tr>
</table>

<table>
<tr><td>Мультфильм көрүү<br></td><td>“Белек” - “Подарок” (2014)<br>https://www.youtube.com/watch?v=G-HyLneB0Vc<br><br>Күтүлбөгөн белек – кызыгуу жаратып, жашоого үмүттүн пайда болушу жөнүндө окуя.<br><br>Мультфильмдин мазмунунда укмуштуудай терең маани камтылган. Мультфильм каармандын кабылдоосун өзгөртүп, башкаларга болгон боорукердикти жана мээримдүүлүктү үйрөтөт.</td></tr>
<tr><td>Класс жетекчи</td><td>- Тасма ким жөнүндө?<br>- Баланы сүрөттөп бергилечи?<br>- Эмне жөнүндө?<br>- Баланын апасы кандай белек кылды?<br>- Эмне үчүн бала белекти жактырбай, ыргытып жиберди?<br>- Окуянын башында бала жөнүндө кандай сезимде болгонсуз?<br>- Бул карикатуралардын мааниси эмнеде?</td></tr>
<tr><td>Окуучулар</td><td>Окуучулардын жооптору.</td></tr>
<tr><td>Класс жетекчи</td><td>- ДМЧ адам деген ким?<br>- Жалгыздык деген эмне?<br>- Дени сак балдар жалгыздыкка кабылышы мүмкүнбү?<br>- Өзүңдү жалгыз сезген учурлар болду беле?<br>- Силердин класста жалгыз жүргөн окуучу барбы?</td></tr>
<tr><td>Окуучулар</td><td>Окуучулардын жооптору.</td></tr>
<tr><td colspan="2">Слайд, сүрөттөр<br>ДМЧ адамдар - бул ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү оору же жаракат алуу менен чектелгендиктен, сырттан жана мамлекеттин жардамысыз жасай албаган адамдар. Бирок ДМЧ адамдар башкалар сыяктуу эле жашоодон ырахат алууну каалашат. Ошондуктан, кулагы укпаган адамдар үчүн мимика жана жаңсоолор театрлары түзүлгөн, азиздер үчүн – атайын китептер басылып чыгат, баспагандар үчүн – спорттук мелдештер, ал тургай атайын параолимпиада оюндары уюштурулат.<br>Мунун баарынан ДМЧ адамдарга жардам берүү керек деген тыянак чыгарсак болот. Бирок аёо сезим жана боор оруу ДМЧ адамдарга жага бербейт. Аларга аяныч сезим кереги жок. Алар үчүн тынч, сабырдуу адамгерчиликтүү мамиле керек.<br>Бул адамдарда кандай эрк бар экендигин элестетип көргүлөчү. Баарыбыз мындай адамдардын рухунун күчтүүлүгүн жана кайраттуулугун сыйлашыбыз керек!</td></tr>
<tr><td colspan="2">Слайд, сүрөттөр<br>Учурда, Кыргызстанда 32 634 000 ДМЧ балдар катталган, алардын ичинен 6 миң бала атайын мектептерде билим алышат, ал эми калган</td></tr>
</table>

балдар белгисиздикте, үйлөрүнөн чыкпай жалгыздык сезиминен жапа чегишет. Себеби, биздин коом, шаар, көчөлөр, имараттар жана мектептер алар үчүн оңтойлуу ылайыкташылган эмес. Албетте, курдаштары бар, мектепте окуган, спортко катышкан ДМЧ балдар жок эмес. Бирок статистика боюнча көбүнчөсү бейтапканадан, үйдөн чыга



алышпайт, анткени алардын ден соолугунун көйгөйлөрүнөн тышкары сырткы тоскоолдуктар бар, бул нерселер башкаларга түшүнүксүз.

"Жалгыздыктан жаман эч нерсе жок". Ооруууга кабылган өспүрүмдөр диагнозун билгенден кийин, көбүнчө сабактан артта калып, достошуудан алыстап, жалгыз калган учурлар аз эмес. Биз ДМЧ балдардын жашоосун жеңилирээк жана кызыктуу кылышыбыз керек. Учурда бул Инклюзивдик программа дүйнө жүзүндөгү бардык адамдардын алдында турат.

**Жалгыз** болуу жаман, бирок класстын ичинде жалгыз болуу андан да жаман.

**Жалгыздык** - бул телефонуң бар, бирок сага эч ким чалбайт.

| | |
|---|---|
| **Талкуу** | - Бул сөздөр биздин маегибиздин темасы менен кандайча айкалышат?<br>- Берилген сүрөттөрдөн эмнени байкадыңар? |
| **Окуучулар** | *Окуучулардын жооптору.* |
| **Класс жетекчи** | Жалгыздык жөнүндө сүйлөшүүбүздү улантабыз. Жалгыздыкка болгон мамилебизди билдирип, муктаж болгондорго колдоо көрсөтүүнү үйрөнөбүз.<br>Психологдордун айтымында, жалгыздык - бул өзгөчө эмоционалдык абал, адамга кыйын болгон тажрыйба, ал аз энергияны (алсыздык), кыйроону сезет.<br>Адам ар дайым баарлашууга муктаж. Башкалар менен байланышты жоготуу, узак убакытка созулган жалгыздык ооруууга, көбүнчө неврозго алып келиши мүмкүн.<br>Бардык учурларда эң оор жаза - адамды жалгыз камерага жайгаштыруу болгону бекеринен эмес, сиз бул жөнүндө окуп, уккандырсыз?<br>Адамдар жалгыздыкты жеңүү үчүн эмне кылышкан? |
| **Окуучулар** | *Окуучулардын жооптору.* |
| **Класс жетекчи** | Жалгыздыкка кабылгандар азап чегип, үмүтсүздүктү, өздөрүнүн алсыздыгын, кереги жоктугун сезишет. Көбүнчө адам башкалардан бөлүнүп, өзүнө чөгүп кетүү пайда болот. Башкаларга карата кастык сезими, тийүү, ачуулануу, чыр-чатак күчөшү мүмкүн. |

| | |
|---|---|
| **Класс жетекчи** | Ушундай нерсе сиздин курбуларыңарда болушу мүмкүн деп ойлойсуңарбы? Эмне үчүн мындай болот? Анда биз аларга эмне жардам бере алабыз?<br>- Эгер өспүрүм жалгыздыкка кабылса, ага кыйын болсо, жалгыздык менен күрөшүү үчүн кандай терс жолдорду тандашы мүмкүн? (аракечтик, баңгилик, суицид, диний секталар ж.б.)<br>- Жалгыздыктын созулушу, жалгыздыктан депрессияга кабылуу эмнеге коркунуч туудурушу мүмкүн?<br>- Жалгыздыктан чыгуунун жолдору барбы? |
| **Катышуучулар** | *Окуучулардын жооптору.* |
| **Класс жетекчи** | **Жалгыздык абалынан чыгуу жолдору**<br>- Жалгыздык же депрессия абалынан чыгуу үчүн эмне кылуу керек?<br>- бирөөгө кам көрүү;<br>- кайрымдуулук иш чараларына катышуу жана боорукердик көрсөтүү;<br>- өзүнүн кадыр-баркын баалоо;<br>- спорт менен машыгуу;<br>- өзүңдүн гана эмес, башкалардын да коопсуздугуна кам көрүү. |
| **Класс жетекчи** | "ЭГЕР СЕН ЖАЛГЫЗДЫККА КАБЫЛСАҢ, КИМ ЖАРДАМ БЕРЕ АЛАТ?"<br>- **ишеним телефону № 111** аркылуу турмуштун оор кырдаалына кабылган балдар кайрыла алышат. Анын негизги максаты балдардын укуктарын коргоо, балдарга, өспүрүмдөргө жана алардын ата-энелерине психологиялык жардам көрсөтүү болуп саналат.<br>Дагы кандай варианттар жардам бере алат деп ойлойсуңар? |
| **Окуучулардын жобу** | - *жакын досторум менен сүйлөшөм.*<br>- *меникиндей көйгөйү бар курбум менен сүйлөшөм.*<br>- *үй жаныбарларым менен алектенем.*<br>- *үй-бүлө, жакын адамдарымдын жардамын сурайм.*<br>- *мектептин психологуна, класс жетекчиме кайрылам.* |

<table>
<tr><td></td><td>“Жип” - “Веревки” мульфильми<br>https://www.youtube.com/watch?v=bKo8T1l5q7M<br>Испан мультипликатору Педро Солистин бул 11 мүнөттүк тасмасы 2016-жылы Гойя сыйлыгына татыган. Мультфильмде Мария деген кыздын БЦП (балдардын церебралдык шал оорусу) диагнозу коюлган ДМЧ бала менен таанышканда анын жашоосу канчалык өзгөргөнүн көрө аласыңар.</td></tr>
<tr><td>Талкуу</td><td>- Бул мультфильм жалгыздык жөнүндөбү же ДМЧ бала жөнүндөбү?<br>- Баланын диагнозун аныктай аласыңарбы?<br>- Мария эмне себептен баланын бутун байлап салды? ж.б.</td></tr>
<tr><td>Окуучулар</td><td>Окуучулардын жооптору.</td></tr>
<tr><td>Класс жетекчи</td><td>Азыр бир оюн ойнойбуз. Баарыңар тегерете отургула.</td></tr>
<tr><td colspan="2">"Жалгыз өспүрүм менен сүйлөшүү"оюну<br>- Бардык балдар тегеректеп отурушат. Айлананын борборунда окуучу (өз каалоосу менен, же кагаз ыргытышып шайланат) отургучка отурат, ал өзүнө чөгүп, көңүлсүз жана жалгыз адамдын ролун ойношу керек. Калган окуучулар айлананын борборуна кезектешип барып, жалгыз бой өспүрүмдү "сүйлөшүүгө" аракет кылышы керек.<br>Окуучулар анын колун кармоого, ага кайрылууга,  күлдүрүүгө ж.б. у. с. укуктуу. Убакыт окуучуга бир гана мүнөт берилет.<br>Бардык окуучулар  жалгыздыктын ролунда болууга мүмкүнчүлүк алышат.<br>- Пикир алмашуу: ортодогу окуучуну "сүйлөттүрүү" канчалык кыйын же оңой болгонун, ролду ойноо кыйын экенин талкуулашат.</td></tr>
<tr><td>Топтордо иштөө</td><td>1-топ – жалгыздыктын сүрөтүн тартуу.<br>2-топ - "жалгыздык" деген сөзгө жакын сөздөрдү жазгыла.<br>3-топ - жалгыздыктын скульптурасын жасоо (пластелинден ж. б.)<br>4-топ - кыскача сахна көрсөтүү.<br>Топтордун презентациялары. (5-7 мүн)</td></tr>
<tr><td>Жыйынтык Рефлексия</td><td>"Оң жактагы кошуна". Алып баруучу шайланат.<br>Көнүгүү мамилени өнүктүрүүгө багытталат.<br>Алып баруучу шарттарды билдирет: "Азыр ар бир окуучу жанында отурган классташы үчүн жооп берет. Мен сизге азыр суроо берем. Бирок ага жаныңыздагы окуучу жооп бериши керек. Тапшырманы аткаргандан кийин, алып баруучу кошунасынан берилген суроого туура жооп бердиби, деп сурайт.</td></tr>
</table>

| | |
|---|---|
| | Суроолор:<br>1.Сиздин маанайыңыз кандай?<br>2.Досторуңуз көппү?<br>3.Сиз жалгызмын деп айта аласызбы?<br>4.Жалгыздык менен күрөшө аласызбы?<br>5.Жалгыздык менен күрөшүүгө ким жардам берет?<br>6.Жалгыз адамга жашоо оңойбу?<br>7.Досуңа жалгыздыкты жеңүүгө жардам бере аласыңбы?<br>8.Эгер жалгыз болсоңуз, ким менен бөлүшүүгө даярсыз?<br>9.Класста сизге жардам бере турган досторуңуз барбы?<br>10.Мүнөзүңүздө кандай жакшы сапаттар бар? [4] |
